# Улуттук банктын ноталары

*(2015-жылдын декабрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан беш аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда 50,0 пайызга көбөйүү менен 15,0 млрд сомду түзгөн.

Өткөрүлгөн аукциондордо суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү 16,3 пайызга төмөндөп, 1,7 млрд сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде сунуш жана сатуу көлөмдөрү жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталар менен берилген. Сатуулардын жалпы суммасы 8,6 млрд сомду түзгөн (+10,3 пайыз).

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан бери 60,5 пайызга жогорулоо менен 2,1 млрд сомду түзгөн. 97,6 пайыз үлүшү менен коммерциялык банктар Улутту банктын ноталарынын негизги ээлик кылуучуларынан болгон (+1,5 пайыздык пункт). Юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы 2,4 пайызды түзгөн (+2,1 пайыздык пункт).

Ошентип, кароого алынган мезгил ичинде сатуулардын орточо аукциондук көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 11,8 пайызга төмөндөө менен 1,7 млрд сомду түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 10,0 пайызды түзгөн (+0,1 пайыздык пункт).

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруксуз өлчөм болуп саналат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.01.2015 | 1 328,3 | 1 276,0 | 96,1% | 3,9 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 48,4 | 3,6% |
| 01.02.2015 | 1 125,0 | 1 081,0 | 96,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 44,0 | 3,9% |
| 01.03.2015 | 1 472,0 | 1 368,0 | 92,9% | 104,0 | 7,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2015 | 1 576,5 | 1 136,5 | 72,1% | 440,0 | 27,9% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2015 | 811,5 | 737,0 | 90,8% | 74,5 | 9,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2015 | 427,8 | 258,0 | 60,3% | 152,0 | 35,5% | 0,0 | 0,0% | 17,8 | 4,2% |
| 01.07.2015 | 777,5 | 695,5 | 89,5% | 64,0 | 8,2% | 0,0 | 0,0% | 18,0 | 2,3% |
| 01.08.2015 | 1 292,9 | 1 239,0 | 95,8% | 53,3 | 4,1% | 540,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2015 | 558,0 | 518,0 | 92,8% | 0,0 | 0,00% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2015 | 784,0 | 711,0 | 90,7% | 73,0 | 9,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2015 | 2 017,2 | 1 919,0 | 95,1% | 98,2 | 4,9% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2015 | 931,0 | 927,0 | 99,6% | 4,0 | 0,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2016 | 2 131,5 | 2 081,0 | 97,6% | 50,5 | 2,4% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |